— күн тартибинин башка маселелерине өтүү (кайрылып келүү) жөнүндө;
— сессияда маселелелерди кароонун жана талкуулоонун ирети жөнүндө;
— добуш берүүнүн түрүн белгилөө жөнүндө;
— маселени кароону кийинки сессияга жылдыруу жөнүндө;
— маселелерди талкуулоонун жалпы узактыгын белгилөө жөнүндө;
— күн тартибине маселелерди киргизүү жана алып салуу жөнүндө;
— чыгып сүйлөөлөрдүн жана маселелердин санына чектөө белгилөө жөнүндө;
— суроо жооптордун убактысына чектөө киргизүү же узартуу жөнүндө;
— каралып жаткан маселе боюнча адамдарды жыйынга чакыруу жөнүндө;
— чакырылган адамдарга сөз берүү жөнүндө;
— күн тартибинин маселесин талкуулабай туруп добушка коюуга өтүү жөнүндө;
— добуштарды кайра саноо жөнүндө;
— жол-жобого кирген башка маселелер.

25.2. Жол-жобо маселелери боюнча айылдык кеңештин чечими катышып жаткан депутаттардын санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана токтом менен тастыкталбайт.

**26-глава. Чыгып сүйлөөлөрдүн түрү жана алардын узактыгы**

26.1. Сессияларда төмөндөгүдөй чыгып сүйлөөлөрдүн түрү жана алардын убактысынын узактыгы каралат:
— баяндама — 10 мүнөткө чейин;
— баяндамаларды жарыш сөздөрдө талкуулоо үчүн — 5 мүнөткө чейин;
— күн тартибин талкуулоо үчүн – 2 мүнөткө чейин;
— талкууланып жаткан маселе боюнча корутунду сөз үчүн — 2 мүнөткө чейин;
— шайлануучу кызматка талапкердин чыгып сүйлөөсү үчүн — 5 мүнөткө чейин;
— талкууланып жаткан талапкер боюнча жарыш сөзгө чыгып сүйлөө үчүн -3 мүнөткө чейин;
— добуш берүүнүн жүйөөсү боюнча чыгып сүйлөө үчүн — 1 мүнөткө чейин;
— жыйынды алып баруунун тартиби боюнча чыгып сүйлөө үчүн — 1 мүнөткө чейин;
— сунуштар, маалыматтар, билдирүүлөр, кайрылуулар үчүн — 2 мүнөткө чейин;
— кайталап сөз сүйлөө үчүн — — 2 мүнөткө чейин;

26.2. Катышып олтурган депутаттардын макулдугу менен төрагалык кылуучу чыгып сүйлөөлөрдүн убактысын 3 мүнөткө чейин узартууга укугу бар.

26.3. Бир эле маселе боюнча бир депутаттын экиден ашык сөз сүйлөөсүнө жол берилбейт.

26.4. Шайлануучу кызматка талапкердин баяндамасы, чыгып сүйлөөсү трибунадан жүргүзүлөт, калган чыгып сүйлөөлөр – трибунадан же олтурган ордунан жүргүзүлөт.

26.5. Депутат жыйында төрагалык кылуучу тарабынан өзүнө сөз берилгенден кийин гана сөз сүйлөйт.

26.6. Сөз берүү жөнүндө сунуш төрагалык кылуучуга жазуу түрү сыяктуу эле, оозеки түрүндө да берилет.

26.7. Айыл өкмөтүнүн башчысы, райондун акими жана анын орун басарлары каралып жаткан маселе боюнча сөз сүйлөө үчүн кезексиз түрдө сөз алууга укуктуу.

26.8. Сессияны алып баруунун тартиби, добуш берүүнүн түрү, маалымат, түшүнүк берүү боюнча сөз сессияга төрагалык кылуучу тарабынан берилиши мүмкүн, анын узактыгы 2 мүнөттөн ашпайт.

26.9. Депутаттардын билдирүүлөрү жана кайрылуулары күн тартибинин «Ар кандай маселелеринде» каралат. Айылдык кеңештин сессиясынын же төрагалык кылуучунун чечими боюнча «Ар кандай маселелерге» 5 мүнөт убакыт берилиши мүмкүн.

26.10. Күн тартибинин кезектеги маселесин кароого өтүү же бүтпөй калган мурдагы маселелердин бирине кайрылып келүү, ошондой эле маселелерди кароонун иретин өзгөртүү сессияга төрагалык кылуучу тарабынан жүргүзүлөт.

26.11. Сессияга төрагалык кылуучу тарабынан сессиянын ишине 20 мүнөткө чейинки кезексиз тыныгуу (добуш берилбей туруп) жарыяланышы мүмкүн.